**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**

**САДЫР АКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО АЙМАКА САДЫР АКЕ**

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын кезектеги XIII сессиясы**

# ТОКТОМ

**2025-жылдын сентябрь айынын 16ы №109** **Темир айылы**

## Айыл аймагындагы калктын тынчтыгын жана бейпилдигин камсыз кылуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын "Тынчтык жөнүндө" мыйзамын аткаруу максатында Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Калктын эс алуусун камсыз кылуу максатында:

- көп батирлүү үйлөр, мейманканалар, отелдер, жатаканалар жана турак үйлөргө тийиштүү аймактар;
- жеке турак үйлөрдү куруу зоналары;
- билим берүү жана саламаттык сактоо уюмдарынын, ошондой эле социалдык, реабилитациялык, санаториялык-курорттук кызматтарды көрсөтүүчү уюмдардын аймактары жана жайлары;
- жарандарды убактылуу жайгаштыруу жана (же) убактылуу туруусун камсыз кылуу боюнча кызматтарды көрсөтүүчү уюмдардын аймактары жана жайлары тынчтыкты бузуудан коргоого алынсын.

**2.** Ушул токтомдо белгиленген убакыт аралыгында:

- телевизорлорду, радиокабылдагычтарды жана башка үндү кайталап чыгаруучу түзүлүштөрдү, ошондой эле үн басымынын жана ызы-чуунун жол берилген деңгээлинен ашкан үндү күчөтүүчү түзүлүштөрдү, анын ичинде транспорт каражаттарында, соода объектилеринде (дүкөндөрдө, күркөөлөрдө, павильондордо, лотоктордо), көңүл ачуучу жана оюн-зоок жайларында (түнкү клубдар, караоке, дискотекалар) жана коомдук тамактануу жайларында (кафелер, ресторандар, барлар, ашканалар) орнотулган түзүлүштөрдү пайдаланууга;
- музыкалык аспаптарда ойноо, ышкыруу, ырдоо, ошондой эле үн басымынын жана ызы-чуунун жол берилген деңгээлинен ашкан үн менен коштолгон башка аракеттерди жасоого;

- тартип бузуучулар тарабынан иштетилген күзөт сигнализациясынын, транспорт каражаттарынын сигнализациясынын үн чыгаруусун өчүрүү боюнча өз убагында чара көрбөгөндүк, транспорт каражатынын жардамы менен үн сигналдарын зарыл болбосо да пайдалануу же эс алуу учурунда тынчтыкты бузууга алып келген башка ызы-чуу таасирлерин жаратууга;

- пиротехникалык каражаттарды пайдаланууга;

- адамдардын эс алуу учурунда тынчтыгын бузууга алып келген оңдоп-түзөө, жүк түшүрүү-жүктөө (анын ичинде көчүү, эмеректерди жылдыруу), тазалоо жана башка иштердин түрлөрүн жүргүзүү, механикалык каражаттарды жана техникалык түзүлүштөрдү иштетүүгө;

- белгиленген убакытта корголууга тийиш болгон аймактарда жана жайларда жарандардын тынчтыгын жана бейпилдигин бузууга алып келген башка аракеттерге тыюу салынсын.

**3.** Төмөнкү убакыт аралыгында үн басымынын жана ызы-чуунун белгиленген деңгээлдеринен ашууга жол берилбесин:

- жумуш күндөрү - саат 22:00дөн 07:00гө чейин;

- дем алыш жана майрам күндөрү - саат 22:00дөн 09:00гө чейин.

**4.** Токтом массалык-маалымат каражаттарына жарыялансын жана мамлекеттик укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.

**5.** Ушул токтомдун ченемдерин бузган жарандарга Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ылайык протоколдорду түзүп, иш алып баруу Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Н.А. Молдакматовго милдеттендирилсин.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө “Калкты социалдык жактан коргоо жана коомдук уюмдар менен байланыш, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, жарандардын укуктары менен кызыкчылыктарын коргоо боюнча” туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **А.А. Мамытов**

*Жиберилди: РМА-1, Айыл өкмөткө-1, Обл.юст.-2*